DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***

***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PEDAGOGICAL SCIENCES***

***Байтикова Т.А., Батырканова Ж.***

# ПЕДАГОГИКА ИЛИМИНИН ӨНҮГҮШҮНӨ КЫРГЫЗ ОКУМУШТУУЛАРЫНЫН САЛЫМЫ

***Байтикова Т.А., Батырканова Ж.***

# ВКЛАД КЫРГЫЗСКИХ УЧЕНЫХ В РАЗВИТИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ НАУКИ

***B.A. Baitikova, J. Batyrkanova***

# THE CONTRIBUTION OF KYRGYZ SCIENTISTS TO THE DEVELOPMENT OF SCIENCE OF PEDAGOGY

*УДК: 37(575.2)*

*Учурда кыргыз педагогикасы илим катары өз жолунда өнүгүү менен жылдан-жылга окумуштуулардын катары толукталып келет. Жаңыча багыттагы изилдөөлөрдүн мазмунун окуучуларды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуп, тарбиялап, аларда билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандырууга багытталат. Макалада педагогика илиминин өнүгүшү, илимге салым кошкон кыргыз педагог окумуштуулар жөнүндө сөз болот. Кыргыз педагогикасында эмгек сиңирген окумуштуулардын ысымдары менен илимдин өнүгүү жолун байланыштырдык. Алардын ичинде башталгыч билим берүү системасына белгилүү, өз эмгектери менен зор салым кошкон окумуштуулар: профессор И.Бекбоев жана профессор С.Рысбаевдин айрым эмгектери талдоого алынды. И.Бекбоевдин «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери» аттуу жана С.Рысбаевдин «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп үйрөнүү маселелери» аттуу окуу-методикалык колдонмолорунун маани-маңызын ачып берүүгө аракеттер жасалды. Алардын эмгектери билим берүү системасында активдүү пайдаланылууда. Изилдөөчүлөрдүн келечек муундарга өрнөк болгон таалим-тарбия сабактары жөнүндө кеп козголуп, алардын кыргыз педагогикасында орду, эмгектеринин баалуулугу баса белгиленди.*

***Негизги сөздөр:*** *педагогика, кыргыз педагогикасы, балдар адабияты, инновация, окутуу, тарбиялоо, жекечелик, жеке өзгөчөлүк, педагогикалык технологиялар.*

*В настоящее время кыргызская педагогика как наука, развивается своей дорогой, за годом пополняется учеными. В данной статье речь идет о развития науки педагогики и вклад в науку педагогики кыргызских ученых педагогов. Содержание исследований по новому направлению обучая и воспитывая учащихся по возрастным особенностям, учит их знанию, умению, способностью. Путь развития науки связана с именами выдающихся ученых кыргызской педагогики. А именно, конкретно анализируется некоторые труды профессоров И.Бекбоева, С.Рысбаева, которые внесли огромный вклад в систему начального образования. А также мы старались раскрыть сущность и значение учебно-методического пособия И.Бекбоева «Теоретические и практические вопросы технологии личностно-ориентированного обучения» и методическое пособие С.Рысбаева «Кыргызская детская литература: проблемы, портреты и задачи обучения». Эти труды активно пользуется в системе образования. Особенно, отметили место ученых в кыргызской педагогике и ценности их трудов, в воспитании подрастающего поколения.*

***Ключевые слова:*** *педагогика, кыргызская педагогика, детская литература, инновация, обучение, воспитание, индивидуальность, индивидуальная особенность, педагогические технологии.*

*At present, Kyrgyz pedagogy as a science is developing along its own path, over the year it is replenished with scientists. The content of research in the new direction of teaching and educating students on age features, teaches their knowledge, skills, ability. This article deals with the development of the science of pedagogy and the contribution to the science of pedagogy of Kyrgyz academic teachers. Tied the path of development of science with the name of outstanding teachers of Kyrgyz pedagogy. Among them have introduced a great contribution to the primary education system, great scientists like: Professor I.B. Bekboev and S.Rysbaev and analyzed some of their works. And also we tried to uncover the essence and significance of the teaching and methodical manual of I. Bekboev entitled "Theoretical and practical issues of the technology of student-centered learning" and the teaching and methodical manual of S.Rysbayev entitled "Kyrgyz children's literature: problems, portraits and tasks of training" . Especially, the place of scholars in Kyrgyz pedagogy and the values of*

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



*their works, which will infinitely educate future generations, were noted.*

***Key words:*** *pedagogy, Kyrgyz pedagogy, student-centeredlearning, innovation, training, education, individuality, individual peculiarities, pedagogical technologies.*

Педагогика – тарбиялоо, билим берүү жана окутуу проблемаларын изилдеп үйрөнүүчү теориялык жана прикладдык илимдердин жыйындысы [1]. Ал эми ар бир илим өз өнүгүү жолунда илимий иликтөөлөргө жана илимий методдорго таянат. Дүйнөлүк педагогика илими башка илимдер сыяктуу эле өнүгүп, агартуу тармагында кызмат кылып келет. Тарых тастыктагандай, 1970-80-жылдары педагогика илимине педагогикалык кадрлар көбүрөөк тартылып, ал изилдөөчүлөрдүн катарында: И.Бекбоев, Н.Асипова, М.Рахимова, Б.Апышев ж.б. болушкан. Ошону менен катар өлкөбүздө педагогика илиминин бир тармагы болгон окутуунун методикасы боюнча да окумуштуулардын катары өсүп жүрүп отурган, аларды атасак: С.Мусаев, Э.Мамбетакунов, Б.Алымов, К.Иманалиев, Н.Ишекеев, К.Сартпаев, А.Осмонкулов ж.б.

Кыргызстанда педагогика илиминин теориясы жана практикасынын өнүгүүсүндө окумуштуулардын кыргыз элинин бай мурастарына кайрылуу менен аларды тарбиялоо процессинде пайдалануунун жолдорун иштеп чыгуу боюнча да изилдөөлөр жүргүзүлүп келет, мисалы, окумуштуулар: А.Алимбековдун, А.Калдыбаеванын, А.Аттокуровдун, С.Иптаровдун ж.б. иликтөөлөрү педагогиканын негизги тармактарынын бири болгон этнопедагогиканын өнүгүшүнө зор салым кошуп келишет десек болот.

Башталгыч билим берүү системасына байланыштуу изилденген педагогикалык илимий эмгектерге И.Бекбоевдин, А.Токтомамбетовдун, С.Рыспаевдин салымын өзгөчө белгилөөгө негиз бар.

Учурда өлкөбүздүн жогорку окуу жайларында педагогика адистиги боюнча аспирантура, магистратура, докторантура бөлүмдөрү иш алып барат. Ал эми Кыргыз Билим берүү Академиясында педагогикалык, методикалык окуу куралдарын жарыкка чыгарууга, жаш адистерге илимий жактан жетекчилик кылууга, кадрларды даярдоого И.Бекбоев, Н.А.Асипова, Н. Ишекеев, Э.Мамбетакунов, Т.Сияев, Р.Токсонбаевдер ж.б. үзүрлүү эмгектенип келишет.

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк глобализациялоодо педагогика тармагында да жаңыча көз караштар, жаңы талаптар, жаңыча изденүүлөр пайда болуп, изилдөөчүлөрдү да педагогика илимине жаңыча мамиле кылууга милдеттендирет. Кыргыз педагогикасынын учурдун талабына ылайык өнүгүү жолунда, ал эми илимпоз-окумуштуулар да кыргыз жергесинде гана эмес, дүйнөлүк педагогиканын алкагында алгылыктуу иштерди жаратып, педагогикалык проблематиканын үстүндө үзүрлүү эмгектенип келишет.

Алардын ичинде, мезгилдин талабына ылайык билим берүү системасын түп тамырынан бери жаңылоого, мугалимдердин окутуу жана тарбиялоо процессине жаңыча мамиле жасоого, илимий-методикалык деңгээлде окутууда билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандырууга багыт берүүчү, мектеп мугалимдеринин, орто жана жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын ар биринин өздүк китепканасынын текчесинен орун алууга татыктуу, профессор И.Б. Бекбоевдин «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери» аттуу эмгегин атоого болот. Аталган окуу-методикалык колдонмодо окуучулардын реалдуу окуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөнү уюштуруу, окутуу процессинин максаттарын, сабактын мазмунун, структурасын, тибин, варианттарын, окутууну уюштуруу формаларын оптималдуу тандап алуу, окутуу методдорун класстарга бөлүштүрүү, окутуу методдорунун дидактикалык милдеттерин белгилөө маселелерин жаңыча инсанга багыттоо жолу аркылуу чечүү жактары каралган. Ошондой эле автор проблемалуу, дифференцирленген жана инновациялык окутууга да кеңири токтолгон. Өзгөчө эмгектин инсанга багытталган окутуу бөлүмү көңүлүбүздү бурду. Анткени, сабакка психологиялык өңүттөн анализ берилип, анда баланын инсанына багытталышы бүгүнкү күндүн негизги талабы болуп, аны ишке ашырууда аталган бөлүм мугалимдерге методикалык жактан негизги таяныч катары материал болуп бере алат деген ишенимдебиз.

Учурда окутуу жана тарбиялоо процессин илимий деңгээлге көтөрүү маселеси да бир топ көйгөйдү жаратат, себеби, окуучулардын курак өзгөчөлүгүнө жараша баалуулуктарына, кызыгуусуна дал келе турган илимийлүүлүк деңгээлде билим берип, аларда талапка ылайык билгичтик, көндүмдөрдү калыптандыруу зарыл десек болот. Ушул багытта И.Бекбоевдин эмгегинде билим берүүнүн сапатын илимийлүүлүк деңгээлин көтөрүүгө багытталган бөлүмү да колдоого аларлык.

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



Баланы окутуу жана тарбиялоо процессинин субъектиси катары кароодо, анын индивидуалдык өзгөчөлүктөрү эске алынып, ага жараша мамиле кылуу ЖОЖдо актуалдуу. Анткени, ар бир окулган дисциплина боюнча студентте компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун негизи да жеке инсанга багытталып окууга барып такалат. Анын жардамында коомдогу оошкыйыш кырдаалдарда кездешкен кыйынчылыктардан чыгып кетүүнүн жолдорун өздөштүрүүсүндө жана аны практикада пайдаланууда инсандын келечекте жеке турмушунда болобу, же педагогикалык ишмердүүлүктө эмгек коллективинде болобу өз ордун таап, туура ориентир алууга аракеттенет. Ушул багытта окумуштуу И.Бекбоевдин аталган колдонмосу баа жеткис материал болуп бере алат.

Мектеп чөйрөсүндө дифференцирленген окутуу да маанилүү десек болот, себеби азыркы учурда баланын психологиялык өнүгүүсү коомдун өнүгүшүнө жараша тез жүрүп, баланын кызыгуулары, баалуулуктарынын масштабы да кеңейип, көптү билгилери келет. Ошол себептүү ар бир баланын жеке психологиялык өзгөчөлүгүн үйрөнүү менен аларды жөндөмүнө карап, класстарга бөлүштүрүү, анын жыйынтыгын ар бир чөйректе чыгарып, орун которуштуруу жагы да дифференцирленген окутуу багытына туура келет. Ашыкча жөндөмгө ээ балдарды өзүнчө бөлүп алып, алардын жөндөмүн андан ары өнүктүрүүдө, баланын интеллекти, атайын жөндөмдүүлүктөрү өнүгүп, натыйжада коомдук өнүгүүдө улуттук интеллект да жогорулайт. Ошого карабастан изилдөөчү Исак Бекбоевичтин иликтөөсүндө дифференцирленген окутуудан жана баланын жекече өзгөчөлүгүн эске алып окутуудан инсанга багытталып окутуунун олуттуу айырмачылыгын так, даана, ишенимдүү мисалдардын негизинде жогорку илимийлүүлүк деңгээлде көрсөтүп берет. Мисалы, окуучуну субъект катары анын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн мазмунун аныктоо; милдеттүү түрдө кызыгуусун эске алуу, өзү демилге көтөрүү менен методиканы, жооп берүүнүн тибин тандоого мүмкүнчүлүк берүү жана жыйынтыкты эмес, ага жетүү процессин баалоо жактары менен айырмаланып турары белгиленет.

Учурда окуучунун ой жүгүртүүсүнө, айрыкча үйрөнүлүп жаткан материалдын кайсы учуруна көңүлү бурулгандыгын эске алуу өтө маанилүү экендиги көрсөтүлөт. Көпчүлүк мугалимдер (ЖОЖдо окутуучулар) субъекттин жекечелигин эске алуу менен окутуу, тарбиялоо процесси ишке ашып жатат деп өз тажрыйбасынан бөлүшүүсү мүмкүн, бирок изилдөөчү белгилеген айырмачылыктар так ажыратылбастан, жалпылаштырылган типте сабак өтүлүп, мисалы, окуучулар коллективине, же студенттик аудиторияга бир эле тапшырманы бир гана методиканын негизинде аткарып келүү тапшырылат. Айталык, белгилүү бир адабий булактардан пайдаланып, доклад же реферат жазып келүү тапшырылат. Бул жерде тандоо ишке ашпайт, анткени мугалим бир гана методика сунуштады, ошондой эле учурда кызматташуу функциясы эмес, административдик команда берүү функциясы ишке ашты десек болот.

Сөзүбүз кур болбошу үчүн өтүлгөн сабактардан мисал келтирсек, К.Тыныстанов атындагы ЫМУда «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы» адистигинде окутулуучу «Педагогика» дисциплинасы боюнча «Тарбиялоонун методдору» деген темада үй-бүлөлүк тарбия тууралуу студенттер тарабынан инсанга багытталып окутуунун методдорун колдонуу менен сабак өтүлдү. Үйгө берилген тапшырма боюнча ар бир студент үй-бүлөлүк тарбиянын түрлөрү тууралуу материалдардын топтомун даярдап келишти. Аларга өз алдынча методдорду жана маалымат топтоо булактарын эркин тандоо (окуу куралдары, газета-журналдар, интернет булактары, аудио-видео материалдар) сунушталды. Практикалык сабакта алар өз тажрыйбасына ылайыктуу методдордун түрлөрүн колдонууда бири кыргыз элинин үй бүлөсүндөгү тарбияга көңүл буруу менен доклад окуса, экинчиси Европа өлкөлөрүндө тарбиялоонун функциялары тууралуу презентация даярдап, үчүнчү студент ар кайсы улуттардын тарбиялоо методдорун салыштыруу иретинде диаграммага салып салыштырса, кийинкиси методдордун таасири тууралуу дидактикалык материалдарды даярдап, ар бирин чечмелеп берүүгө жетишсе (карточка, сүрөттөр, макеттер ж.б), дагы бири тарбиялоонун заманбап методикалары аркылуу сценка уюштуруп көрсөтүп берди. Сабактын жүрүшүндө окутуучу (фасилитатор катары) планга жараша иреттүүлүк тартипти сактап, ар бир студентке туура багыт берүү функциясын аткарды. Тапшырманы даярдануу этабы кызуу талкууланып, аудитория толук катышты, анда студенттердин тарбия маселесине карата оригиналдуу пикирлери эске алынды, бири-бирин толуктады, турмуштук мисалдардын негизинде тажрыйба бөлүшүштү. Тапшырманы аткаруу учурундагы кыйынчылыктар

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



да белгиленди. Ошондой эле бири-биринен алган тажрыйбаларын практика учурунда башталгыч класстарда колдонорун, дагы кайсы проблеманын үстүндө иштей тургандыктарын талкуулашты. Сабактын жыйынтыгында студенттерге өзүн-өзү баалоосуна да мүмкүнчүлүк берилди.

Жогоруда келтирилген сабактын үлгүлөрү ЖОЖдо дайыма эле ишке аша бербейт. Автор белгилегендей, кээ бир учурда бир сабакка колдонгон методика кийинки сабакта колдонууга туура келбей, зарылчылыгы жок болуп калат. Ошондуктан ар бир окутуучу, же мугалим сабактын планын түзүүдө (силлабус, жумушчу программа, окуу-методикалык колдонмо) инсанга багытталып окутуунун технологиясын өтө тыкандык иштеп чыкса, аны үйрөнгөн келечектеги башталгыч класстын мугалимдери өз практикасында колдонсо, анда баланын инсандык сапаттарын талапка жооп берерлик деңгээлде калыптандыра алат деп айтууга толук негиз бар.

Эмесе, кыргыз педагогикасына, өзгөчө башталгыч билим берүү системасына өз салымын кошуп келе жаткан дагы бир окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыевичтин ысымын сыймык менен атоого болот. Анткени, агайдын «Алиппе» окуу китеби, балдарга арналган жомоктор топтому, «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп үйрөнүү маселелери», «Окуучунун жазуу жана сүйлөө ишмердиги», «Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери», «Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш» ж.б. көптөгөн изилдөө тармактарында баалуу эмгектери педагогикалык чөйрөдө кеңири колдонулуп келе жатат.

Биз жогоруда атаган эмгектердин ичинен адистикке тиешелүү окумуштуунун балдар адабияты тууралуу жазган эмгеги көңүлүбүздү бурду. Анткени, китеп жогорку окуу жайларынын окутуучусуна, студентке, изденүүчү аспиранттарга арналып, методикалык колдонмо катарында педагогикалык ишмердүүлүктө колдонууда, илимий багыт берүүчү салмакка ээ десек болот. Автор китепте орун алган акын-жазуучулардын чыгармалары адабият таануучулук өңүттөн эмес, педагогикалык багытта талдангандыгын эскертип, анткени балдар чыгармалары мына ушуну өзүнөн-өзү талап кыларын, алардын мазмуну таанытуучу, тарбиялоочу жана өнүктүрүүчү багыттардагы чыгармаларды камтыгандыктан, алар жаш курактагы балдарга мына ушул багыттарда таасир этерин баса белгилейт [2].

Башталгыч билим берүү системасында балдарга арналган чыгармаларды окутууда азыркы учурдун талабына ылайык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу маселелерин чечүүдө чоң мааниге ээ болот. Себеби, элдик, көркөм бай казынабыздын өзөгүн түзгөн чыгармалар окуучуларга педагогикалык таасир этүүнүн каражаты катары кызмат кылат.

Автордун: «Элибиздин бай балдар адабияты, бүтүн алганда, өзүнчө эле бир эпикалык-педагогикалык маанидеги улуу трактатты элестетип турат» - деп белгилөөсүнө таянсак, окутуу, тарбиялоо процессинде дисциплинанын өз орду бар [3]. Анда балдарга чыгармаларды тааныштырып гана тим болбостон, алардын негизги өзөгүн түзүп турган элдик бай казынанын үлгүлөрүн, тарбиялоо идеяларын, баланы этномаданий толеранттуулукка тарбиялоо маселелери, дүйнө таанытуу идеялары камтылган. Ошону менен бирге, окуунун формалары, текст менен иштөөдөгү компетенциялар, сынчыл ойломду өстүрүү маселелери да орун алган. Чыгармаларды окутууну талдоонун негизги максаты болуп, окуучулардын таанучулук ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган заманбап методикалар сунушталган. Аталган окуу-методикалык колдонмонун жардамы менен келечектеги мугалим-методисттер балдар адабиятын окутуу аркылуу окуучуну тарбиялап, өнүктүрүп, калыптандырууга теориялык материал топтоп, адабият менен педагогиканын ажырагыс байланышын үйрөнүү менен ЖОЖдо практика учурунда жана педагогикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алышары шексиз.

Сөзүбүздүн акырында, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, КР УИАнын мүчө корреспонденти, КРнын илим-техника боюнча Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, педагогика илимдеринин доктору, профессор Бекбоев Исак Бекбоевичтин педагогика илиминин, анын ичинде кыргыз педагогикасына кошкон салымы баа жеткис, агайдын эмгектери улут улут болуп турганда, КРнын билим берүү системасында, педагогика илиминин алкагында кеңири колдонулуп, жаштарды окутуп, тарбиялоо ишмердүүлүгүндө ак кызматын өтөй берет деген ишенимдебиз. Бул пикирибизди профессор А.Мамытовдун И.Бекбоев тууралуу: «Улуттук педагогикабыздын илим катары түптөлүп-өнүгүүсүнө өзүнүн төө көтөргүс салымын кошкон инсан – Исак Бекбоевич Бекбоев десек акыйкат болор»

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



деген жогорку баамы менен жыйынтыктоого болот[4].

Ал эми педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман агайдын эмгектери келечек муундарды окутуп, тарбиялоодо дагы да болсо ак кызматын кыла берет деп ишенебиз.

Кыргыз педагогикасынын уучу кур эмес, ал жогоруда аты аталган окумуштуулардын сабында турган ири өкүлдөргө бай, өнүгүү-өсүү жолунда, келечекте да илимий-методикалык эмгектер жаралып, улутубуздун педагогикасы өзүнүн түбөлүктүү жашоосун уланта бермекчи.

**Адабияттар:**


1. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы). - Бишкек, 2004.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. (Толуктап экинчи басылышы). - Бишкек, 2004.
3. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп үйрөнүү маселелери. - Бишкек, 2015. (Баш сөздөн).
4. Кыргыз педагогикасы – кыргыз улутунун жүзү. Түзгөндөр: Рыспаев С.К., Иманкулов М.К. - Бишкек, 2010. (Баш сөздөн).


**Рецензент: к.пед.н., доцент Исакова Ч.Б.**